УДК 39+394+ 930.2+94(575.2)

**Джумагулова Акылай**,
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун ага окутуучусу
**Чоротегин Тынчтыкбек**,
КУУнун профессору

**ОСМОНААЛЫ КЫДЫК УУЛУ СЫДЫКОВ – КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФЫ КАТАРЫ**

**Джумагулова.,**
преподаватель КНУ имени Ж.Баласагына
**Чоротегин Тынчтыкбек,**
профессор КНУ

**ОСМОНААЛЫ КЫДЫК УУЛУ СЫДЫКОВ-КЫРГЫЗСКИЙ ЭТНОГРАФ**

**Dzhumagulova Akylai**,
Lecturer at Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn;
ORCID ID:0009-0008-1676-8715
**Chorotegin (Tchoroev), Tyntchtykbek,**
Professor at Kyrgyz National University,
ORCID ID: 0000-0002-2833-3160
Scopus Author ID: 6507718697

**OSMONAALY KYDYK-UULU SYDYKOV – AS A KYRGYZ ETHNOGRAPHER**

**Аннотация.** Кыргыз элинин жазма тарыхынын салтын түптөгөн айдыңдардын бири Осмонаалы Кыдык уулу Сыдыковдун чыгармачыл мурасында санжыралык мол маалыматтардан тышкары XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы коомдогу өзгөрүүлөр да оригиналдуу чагылдырылган. Осмонаалы Сыдыковдун Уфа (Өфө) шаарында 1913-1914-жылдары жарык көргөн кош китебиндеги кыргыз элинин этнографиясынын ар кыл өңүттөрү чагылдырылган маалыматтар макалада айрыкча иликтөөгө алынды.
**Негизги сөздөр:** этнография, салттар, заттык эмес маданий мурас, кыргыздар, санжыра, жазма булактарды таануу, тарыхнаама, Орол, Эдил, Түркстан.

**Аннотация.** В творческом наследии Осмонаалы Кыдык уулу Сыдыкова, одного из основоположников традиции письменной истории кыргызского народа, помимо обильных генеалогических данных, оригинально отражены изменения в обществе XIX в. и начала XX в. Особое внимание в статье было уделено данным из книги Осмонаалы Сыдыкова, изданной в городе Уфе в 1913-1914 гг., в которой отражены различные аспекты этнографии кыргызского народа.
**Ключевые слова:** этнография, традиции, нематериальное культурное наследие, кыргызы, генеалогия, изучение письменных источников, историография, Орол, Эдил, Туркестан.

**Summary.** The creative heritage of Osmonaaly Kydyk-uulu Sydykov, one of the intellectuals who founded the written history traditions of the Kyrgyz people, reflects, in addition to rich genealogical information, also the changes in the Kyrgyz society in the 19th and early 20th centuries in an original way. The article focuses on the information reflecting various aspects of the ethnography of the Kyrgyz people in two books by Osmonaaly Sydykov, published in the city of Ufa in 1913 and 1914.
**Key words:** ethnography, traditions, intangible cultural heritage, Kyrgyz, genealogy, written source studies, historiography, Ural, Volga, Turkestan.

XX кылымдын башында падышалык Орусиянын оторчул эзүүсү маалында эле алдыңкы кыргыз жадитчилери өз улутунун тарыхы, салт-санаасы, фольклордук мурасы жана этнографиясы жаатында жаңыча эмгек жазууга талпынышкан айдыңдар (интеллектуалдар) болушкан.

Падышалык оторчулук доорунда эле кыргыз элинин тарыхын жана этнографиялык маалыматтарын алгач ирет иликтеп, таш басма китеп катары жарыкка чыгарган алгачкы жадитчи тарыхчы – агартуучу жана коомдук ишмер Осмонаалы Кыдык уулу Сыдыков (1875–1942) болгон.

Осмонаалы Кыдык уулу Кочкор аймагында Абайылда болуштугунда (азыркы тапта Кыргызстандын Нарын облусуна караштуу Кочкор районунда) тектүү үй-бүлөдө туулган. Өз айылы "Темир-Болот" деп аталаарын тарыхчы өзү ар бир китебинин мукабасында (титулдук барагында) эскерте кеткен.

Осмонаалынын атасы Кыдык — кыргыздын сарыбагыш уруусунун манаптарынын бири Абайылда баатырдын тукуму (Абайылданын 12 уулунун эң кенжеси) болчу. (Абайылданын урпактарынын бири — жазгыч акын Молдо Кылыч Шамыкан уулу да тарыхчы Осмонаалыга өтө жакын тууган болот).

Осмонаалы өз убагына ылайык өтө билимдүү киши болгои. Ал арап, фарсы, татарча жана орток чагатай тилиндеги китептерди окуп, тарыхка арналган китептер колунан түшчү эмес, орусча да билчү, деп эскеришет.

Тарыхчы Осмонаалы Кыдык уулу өзү эмгегинде атасынын ысымын "Кыдык" деп таасын жазат, бирок китеп мукабасында автордун тегаты "Сыдыков" болуп калганынын эки жөнү бар. Биринчиден, анын тегаты падышалык доордогу документтерге жазылчу оторчул салтка ылайык "-ов" компоненти кошулуп калган. Бирок, анда, анын тегаты "Кыдыков" болушу керек эле. Экинчиден, оторчул аткаминерлер жана Эдил–Орол (Волга–Урал) аймагындагы сабаттуу мусулмандардан чыккан редакторлор да басым көрсөтүшүп, "Кыдык" сөзү мусулманча "Сыддык" (قيدص) сөзүнөн бурмаланып калган деген тейде "Сыдыков" деген адабий тегатты Осмонаалы Кыдык уулуна таңуулашкан көрүнөт.

Осмонаалы Кыдык уулу 1911-жылы Уфа (азыркы Башкортостандын борбору Өфө) шаарындагы Жогорку медресени бүтүргөн. 1913-жылы ал "Мухтасар тарых-и кыргызиййа" ("Кыргыздын кыскача тарыхы"; төмөнкү шилтемеде – "Мухтасар"), ал эми 1914-жылы "Тарых-и кыргыз шадманиййа" ("Шабданга арналган Кыргыз тарыхы"; төмөнкү шилтемеде – "... Шадманиййа") деген аталыштарда кыргыз тилинде жазган эмгектери Уфадагы (Өфө) басмадан арап арибинде таш басма (б.а. литографиялык) китеп болуп жарык көргөн.

Демек, анын чыгармачылыгынын бул өрүшү Биринчи дүйнөлүк согуш баштала элек кезиндеги Түркстан менен Эдил-Орол аймактарынын түрк мусулман айдыңдарынын агартуу жана маданий тармактардагы өз ара тыгыз кызматташтыгы кызуу жүргөн учурга туш келген.

Осмонаалы Сыдыков өзүнүн алгачкы китебин жазаардан оболу он беш жылдай ар кыл этнографиялык маалыматтарды чогулткан. Ал "Замана" сопулук-философиялык агымы деп кийин аталып калган доорго таандык акындардын чыгармалары жана ой мурасы менен терең таанышкан, түркүн санжыралык маалыматтарды салыштырып изилдеген. Албетте, ал алыскы ичкилик кыргыздардын санжырасы тууралуу анчейин кабардар болбогондугун түшүнүүгө болот.

Осмонаалы Кыдык уулунун чыгармачыл ишмердүүлүгү Биринчи дүйнөлүк согуштун жана 1916-жылдагы кыргыз элинин улуттук боштондук күрөшүнүн маалында үзгүлтүккө учураган. Ал Ала-Тоодогу боштондук көтөрүлүшүнө жандуу катышкан. Аны көтөрүлүш маалында "Чаар молдо" ылакап аты менен эскеришкен.

Ал эми большевиктик Совет бийлиги орногон доордо, 1919–1925-жылдары, Осмонаалы Кыдык уулу Сыдыков агартуучулук ишмердиги менен өз элине кызмат кылган.

Акыры ал сталинизмдин тоталитардык бийлигинин капшабына кабылган. 1930-жылы ага "эл душманы" деген жалаа

жабылып, абакка камалган. Андан бошонуп келип, ал 1931-жылы кайра кармалып, Ташкен абагын көздөй (болжолдуу өлүм жазасына) алынып бара жаткан жеринен качып, Кочкордо, андан кийин Чүйдө убактылуу жашырынып жүргөн. Акыры Түштүк Кыргызстан аркылуу Кытайга качып чыккан. Батыш Кытайда баш пааналаган Жаныбек казы жетектеген басмачылар анын билимин жана агартуучулук салымын сйлап, ага алтын уютмасын белек кылып, Текес тарапка жөнөтүп жиберишкен. Ал Чыгыш Теңир-Тоодогу Текеске келип, андагы Көктерек деген айылда бир жыл мугалим болуп иштеген. Кийинки жылы ал Кулжага да келип мугалим болуп иштегени айтылат.

Ошентип, тарыхчы Осмонаалы Сыдыков Батыш Кытайда бозгунда жүрүп, 1942-жылы тоолуу Текес өрөөнүндө Чекирти деген кыштакта оорунун айынан (б.а. өз өлүмү менен) каза болгон. Эгерде ал Ташкенге мажбурлап алынып келинген болсо, анда Ташкендеги абакта мерт тапкан залкар агартуучу жана коомдук ишмер Эшенаалы Арабаев (1982–1933) сыяктуу эле ошол 1930-жылдардын башында эле өлүм жазасына жазыксыз жерден тартылышы ыктымал болчу.

Осмонаалы Кыдык уулунун өмүр жолун ар тараптуу иликтөө үчүн ал жашаган доордогу Ала-Тоодо, Ферганада, Памирде жана Чыгыш теңир-Тоодо байырлаган кыргыздардын топторунун оош-кыйыштуу жалпы тагдырын, алар баштан кечирген саясий жана коомдук жүрүмдөрдү терең изилдөө талап кылынат.

Албетте, советтик тарыхнаамада Осмонаалынын мурасына карата жылуу сөз айтылчу эмес. Маселен, кыргыз элинин падышалык оторчулук доорундагы адабиятын изилдеген адабият таануучу Тазабек Саманчин (ал өзү да сталиндик репрессияга дуушар болгон) 1940-жылдардагы эмгектеринде тарыхчы О.Сыдыковду “буржуазиялашып бара жаткан бай-манаптардын идеологиясын жүргүзгөн адабияттык агымдын баш өкүлү” катары терс баалаган. (Албетте, андай терс баа бербөөгө Т.Саманчиндин мүмкүнчүлүгү да жок болчу).

Кытайда Дэн Сяопиңдин реформалары жигердүү жүзөгө ашырылып жаткан 1980-жылдардын ортосунда, ал эми советтик Кыргызстанда “Кайра куруулар” доорунун соңку жылдары гана Осмонаалы Кыдык уулу Сыдыковдун чыгармачылыгына оң баа бериле баштаган. Ал эми Кыргызстандын коммунисттик идеологиядан тышкаркы постсоветтик эгемендик доорунда болсо даңазалуу кыргыз тарыхчысына калыс жана жогорку баа берилип келет.

Осмонаалы Кыдык уулу Сыдыковдун санжыралык (генеалогиялык) жана башка маалыматтарын маркумдар Сабыр Аттокуров, Анвар Байтур, Кусейин Карасаев, Имел Молдобаев ж.б. изилдешкен; азыркылардан – Темиркул Асанов, Арслан Койчиев, Рыскул Жолдошов, Олжобай Каратаев, Муратбек Кожобеков, Аида Кубатова, Кыяс Молдокасымов, Гундула Салк, Асел Сатыбалдиева, Тынчтыкбек Чоротегин сыяктуу ж.б. илимпоздор иликтеп келишти.

Осмонаалы Сыдыковдун эмгектери – XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы Түндүк Кыргызстандын аймагындагы кыргыздардын оторчулук доордогу турмушун таразалап үйрөнүү үчүн бир катар тарыхый, санжыралык жана этнографиялык маалыматтар камтылган баалуу булак болуп саналат.

Маселен, кыргыздардын коомдук турмушундагы оторчулук доорундагы жаңы көрүнүштөр анын чыгармаларындагы неологизмдер (жаңы терминдер) аркылуу да чагылдырылат.

Жаңы сөздөрдүн арасында “иликтирик чырак” (электр шамы), “тилипон” (телефон), “герамафан” (граммофон), “зоот” (завод, б.а. ишкана), “гезит”, “журнал”, “арген” (орган музыкалык аспабы), “берданке” (көп ок атчу мылтык түрү), ж.б. жаңы сөздөр бар. Микроскоп аспабын ал “тарууну бир төөдөн да үлкөн көрсөтчү дүрбү” деп атайт.

XX кылымдын онунчу жылдарындагы кыргыздар америкалык ойлоп табуучу жана ишкер Томас Эдисон (Thomas Alva Edison; 1847—1931) тууралуу да жакшы кабардар болушканын Осмонаалы Сыдыковдун эмгегинен билебиз. Тактап айтсак, ал “Тарых-и кыргыз шадманиййа” эмгегинде Кудайберген Үркүнчү уулу Төрөгелди небереси жөнүндө сөз кылганда Адисон

(Адисун) тегатын атай кеткен.

Осмоналынын китептери аркылуу биз орток чагатай жазма адабиятынын салты кыргыздарда да дурус жайылганын аңдай алабыз. Анын эмгектеринде жалпы мусулмандык “Алла таала”, “ыйман”, “дин”, “пайгамбар”, “хазрет” (азирети), “мулла” (молдо) сыяктуу терминдерден тышкары “китеп”, “маариф” (агартуу), “мектеп”, “тарых” жана “өнөр” сыяктуу илим-билимге жана өнөргө таандык сөздөр да арбын учурайт. Айтмакчы, кыргыздар “молдо” деп сөзсүз эле жамы мечитте жергиликтүү жамаатты жума намазга жыгылганда башкарган имамдар мененн Куранды эжелетип жаттатып окуткан молдолорду гана эмес, динге тийешеси жок ар тараптуу билимге ээ мугалимдерди жана жазгыч акындарды да ардактап атай беришкен (Молдо Нияз, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч ж.б.).

Жазма адабияттын өз салты бар эмеспи. Осмоналы Сыдыков кыргыздар оозеки адабиятта дээрлик колдонбогон, бирок жазма адабиятта арбын колдонгон “аввал” (“оболу”), “балалары” (“балдары”), “барча” (“бардыгы”), “душман”, “жам’” (“жамы”, б.а. жалпы), “йахшы” (“жакшы”), “қайу?” (“кайсы?”), “қавм” (уруу, урук, коом), “миллет” (эл, улут), “фасл” (“бап”), “хидмат” (“кызмат”), “хурмат” (“урмат”), “шул зат” (“бул киши”), ж.б. сыяктуу сөздөрдү колдонгон.

Жалпы мусулмандардын арап, түрк, парсы жана башка тилдердеги чыгармаларында кезиккендей эле, Осмоналы Сыдыковдун эмгегинин текстинин ичине тийешелүү жерде “иннаа лиллахи ва иннаа илайхи раажи’уун” (“бардыгыбыз Аллага таандыкпыз жана бардыгыбыз Ага кайтып барабыз!”) деген сыяктуу сүйлөмдөр тиркелген учурлар бар. [Шадманиййа, 1914, 41-б.]. Бул сүйлөм “Курандын” “Бакара” (“Уй”) сүрөөсүнүн 156-аятынан алынган жана аны маркум тууралуу эскерилген соң көңүл айтуу иретинде кошумча айта кетишет.

Китепте бул аяттын колдонулушу да кыргыз мусулмандарынын жүрүм-турум маданиятына таандык көрүнүштү чагылдырган этнографиялык өңүттүн бир көрүнүшү болуп саналат.

Осмоналы Сыдыковдун эмгегинин баш жагында Алла таалага алкыш айткан сүйлөмдөр бүткөн соң, негизги текстке өтөөрдөгү “амма ба’ду” (“мындан соң”) деген сөз айкашы дагы жалпы мусулмандык тарых жана санжыра китептеринде жана башка чыгармаларда салттык түрдө колдонулчу сөз айкашы болуп саналат. Демек, китеп текстин баштоодогу бул жалпы мусулмандык салтты Осмоналы Сыдыков да кыргыз тарых китебин жазууда уланткан.

Тарыхчы Осмоналы Сыдыков каржы менен байланыштуу айрым терминдерди эскерет. Маселен, ал “акча” сөзүн (“Сатылды азиз өмүр аз акчага”) [Мухтасар, 1913, 9-б.] жана “сом” сөзүн колдонгон [Шадманиййа”, 1914, 41-б.].

Осмоналы Сыдыков өз эмгегинде өз атасынын атынын ордуна “Сыдыков” деп жаздыртканынан тышкары, кыргыздын ысымдарынын сөз башына “Х” тамгасы келбей турганына карабастан, орток чагатай салтына ылайык “Х” тамгасын кошуп жаза берген. Мисалы, Эсенкул бийдин урпактарынын бири Асанбайдын ысымын ал “Хасанбай” деп жазат [Шадманиййа”, 1914, 27-б.].

Тарыхчы О.Сыдыков “хан”, “бий” сыяктуу кыргыз титулдарын да эскертет. Ал Ормон ханга тарыхый инсан катары терс баа берген.

О.Сыдыков Үмөталы Ормон хан уулунун урпактары катары санап өткөн киши аттары да кызыктуу: Көкташ, Акташ, Оттукташ, Чакмак таш, Нурташ, Жайташ, Төлгөташ, Кенжеташ, Балгалташ (бул тогузу тең бир катындан туулган, башка аялынан да беш баласы бар, деп Осмоналы тактай кетет [Шадманиййа”, 1914, 32-б.].

Бул ысымдардын мусулман аттары эместиги, айрымдары, маселен, “Жайташ”, “Төлгөташ”, кыргыздардын исламга чейинки жөрөлгөлөрү менен ырым-жырымдарын эске салаары өзгөчө назар бурууга арзыйт. Кыргыздар аба ырайын жагымдуу же катаал кылып өзгөртүү үчүн жай ташты колдонсо болот, деп ишенишкен. Андан тышкары кырк бир ташты колдонуп, төлгө салуу жөрөлгөсү да болгон.

Айтмакчы, “катын” сөзүн О.Сыдыков нейтралдуу мазмунда берген. Азыр дагы элеттик кыргыздар жана өзбектер “катын” сөзүн нейтралдуу мазмундагы термин катары колдонушат. Ал эми орто кылымдардын эрте мезгилинде “хатун” деп кагандын канышасын аташчу. Негедир ХХ

кылымдын экинчи жарымынан тартып шаар жериндеги кыргыздарда жана адабий тилде “катын” сөзүнүн ордуна “аял” сөзү көбүрөөк колдонулуп калды.

Осмонаалы Сыдыков жер-суу аттары жаатында да кызыктуу маалымат топтогон. Анын эмгектеринен Анжыян, Ат-Башы, Баба-Ата, Иле, Кочкор, Кетмен-Төбө, Нарын, Олуя-Ата (Авлийе-Ата, азыркы Тараз), Токмок, Чүй, Ысык-Көл, ж.б. топонимдер кезигет. Ал күн чыгыш маанисинде “күн жүрүш” (“күн йүрүш”), ал эми “түштүк тарап” маанисинде “жануб тарафы” сөз айкаштарын колдонот.

Тарыхчынын эмгегинде ар кыл накыл кептер, макал-лакаптар жана сыпаттамалар учурайт. Маселен, ал “жамандын кесепети, жакшынын шарапаты” (“йамандын кезэфати, йахшынын шарафаты”) деген макалды мисал кылып өткөн [Шадманиййа”, 1914, 32-б.].

Ал эми Шабдан Жантай уулун сүрөттөгөндө, Осмонаалы Сыдыков анын падышалык оторчул бийликтерден “полковник” даражасын алганын эскерип, андан тышкары “бечара гарыпларга (карыптарга) шафақатлы (камкор, мээримдүү), жылаңачка тон, ачларга та’ам” (“ачкаларга тамак-аш), жөөлөргө ат болгон” кадырман болгонун кошумча эскерткен [Шадманиййа”, 1914, 41-б.].

Албетте, орток чагатай жазма адабиятын колдонгондо, ар бир түрк тилдүү улуттун өкүлү тигил же бул генеалогиялык, ономастикалык жана башка текстти өз эне тилине ылайык окуусу зарыл болчу. Маселен, “Мухтасардын” текстинде (1913, 44-б.) “Д.У.Л.С. балалары” деген аталыштагы чакан бап бар. Мындагы алгачкы сөздү (دولس) башка элдер “Дулас”, “Дулус”, “Дулис” деп окуп алышы ыктымал, бирок кыргыз санжырасын билгендер аны “Дөөлөс” же “Төөлөс” деп туура окуй алышчу.

Кыргыздар жыл санак үчүн он эки жаныбардын аталышына негизделген (“мүчөл”) жыл санакты да, ай календарына негизделген мусулмандык (“хижра”) жыл санакты да колдонушкан. Ал эми Осмонаалы Сыдыковдун эмгегинен улам XX кылымдын башындагы кыргыздар Юлий календарын да колдоно башташканын билебиз. Мисалы, ал “Шадманиййадагы” текстте Шабдандын 1912-жылы 28-мартта, жума күнү, 73 жашында “барса келбес сапарга” кеткенин жазган [Шадманиййа”, 1914, 41-б.].

Ушул эле жерде Шабданды акыркы сапарга узатуу жана эскерүү жөрөлгөлөрү айтылат. Дооран акысы катары молдого бир миң жети жүз сом берилген. Жаназа үчүн делип жарак-жабдыгы менен күмүш чөгөрүлгөн ээр-токум, кымкаптан ат жабуусу бар тогуз атты тогуз мамыга байлап коюшкан (кыскартып айталы).

Бул жана башка маалыматтар кыргыз төбөлдөрүнүн сөөк коюу, аш-той өткөрүү салты тууралуу кызыктуу кабар берет.

Осмонаалы Сыдыковдун эмгектеринен кыргыз патриархалдык үй-бүлөсүндөгү көп аял алуучулук сыяктуу эски мусулмандык салттары жөнүндө да кабардар боло алабыз.

*Кыска тыянак.*

Кыргыз тарыхчысы, санжырачысы жана этнографы Осмонаалы Кыдык уулу Сыдыковдун 1913–1914-жж. жарык көргөн кош китебиндеги кыргыз элинин санжырасы жана этнографиясы чагылдырылган мол маалыматтар падышалык оторчулук доорундагы кыргыз коомунун патриархалдык жагдайын, жаңыча өнүгүү дооруна карай бет алганын ар кыл өңүттөрдө изилдөө үчүн өзгөчө баалуу.

Бул маалыматтардан кыргыз коомунун жалпы эле мусулман түрк калктары менен, анын ичинде Түркстан менен Эдил-Орол түрк мусулман элдери менен, өзгөчө тыгыз этностук-маданий алакада болгону, кыргыздар орток чагатай жазма маданиятына өнөктөш болгондугу, европалык жана жалпы Батыш маданияты менен кеңири тааныша баштагандыгы, ошол эле учурда, кыргыз эли кылымдар карыткан улуттук асыл нарктарды да сактап жаткандыгы айгинеленет.

**Адабияттар**:

*А.Булактар:*

1. Сыдыков Осмонаалы Абайылда небереси. Мухтасар тарых-и кыргызиййа. Уфа (Өфө): “Шарқ” матба’асы; Электро-типография Товарищества “Каримов, Хусаинов и Ко”, 1913. – 79 б.
2. Сыдыков Осмонаалы Абайылда небереси. Тарых-и кыргыз шадманиййа. Уфа (Өфө): “Шарқ” матба’асы; Электро-типография “Восточная печать”, 1914.

3. Сыдыков Осмонаалы. Мухтасар тарых-и кыргызийа / Жооптуу ред. Анвар Байтур; басмага дайындагандар Ыбырай Айса, Норуз Усөналы. — Үрүмчү: Шинжаң жаштар басмасы, 1986.

*Б. Изилдөөлөр:*

1. Аттокуров, С.А. Кыргыздар XIX кылымда. –Бишкек, 2003. 306 б.
2. Джумагулова А.А. Сведения о санжыра кыргызов в трудах Осмонаалы Сыдык уулу // Историческая память: травмы прошлого, противоречия настоящего, перспективы будущего / Сборник статей по итогам всероссийской научной конференции / Под редакцией В.Н. Сырова. — Саратов: ИЦ «Наука», 2018. — 279с.- С.-72-75.
3. Джумагулова А.А. Сведения о санжыра кыргызов в трудах Осмонаалы Сыдык уулу // Богословское наследие мусульманских народов России: Международная конференция "Болгарские чтения": Материалы. 11–13 февраля 2018 года. – Болгар: Болгарская исламская академия, 2018. – С. 165–172.
4. Жумагулова (Джумагулова) А. Осмонаалы Сыдык уулу жарыялаган кош тарых эмгегиндеги санжыралык маалымат // Arnoo. اروون : Көрүнүктүү кыргыз таануучу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун 70 жылдыгына арналган илимий жыйнак / Редколлегия: К.С. Молдокасымов (төрага); жооптуу ред. Т.К.Чоротегин. – Бишкек: «Турар» басмасы, 2017. – 188 бет, сүрөт. – Б. 69–74.
5. Капарбек уулу Чолпонбек. Бүбүш Осмоналиева: Тарыхыбызды тактаганга өмүрүн берген Осмонаалы Сыдык уулу (Капарбек уулу Чолпонбек жазып алган) // Көк асаба. – 13.5.2015.
6. Карасаев К. "Мухтасар тарых и Кыргызийа" жана анын түзүүчүсү //Ала-Тоо, 1989, №3,111-б.
7. Кожобеков М.Ч. Осмонаалы Сыдык уулунун өмүр баянына айрым тактоолор // Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi. Sosyal Bilimler Enstitüsü, 2005. — № 14. — S. 13—28.
8. Койчиев А.К. Осмонаалы Сыдык уулу жана анын "Тарыхтары" / Ред.: А.Мокеев, Т.К. Чороев. — Бишкек, 1992. — 46 б.
9. Кубатова А.Э. Татарское просветительство и реформаторское движение в Кыргызстане (конец XIX – начало XX века) / под ред. А.Р. Бикбулатовой. – Казань: Институт языка, литературы и искусства им. Г. Ибрагимова АН РТ, 2022. 256 с.
10. Садыкова, Шарифа. Сыдыков Осмоналы: (Туулган күнүнүн 130 жылдыгына карата). — Бишкек, 2008. — 84 б.
11. Саманчин, Тазабек. Колониялдык доордогу биздин адабият // Советтик адабият жана искусство, 1941, №5, 10-б.
12. Чороев Т.К. К изучению исторических традиций в местной историографии: (На примере трудов Осмоналы Сыдык уулу) // Исторические чтения: Тезисы докл. и сообщений науч. конф., посвящ. 75-летию член-корр. АН Кирг.ССР проф. А.Х.Хасанова. — Фрунзе: Киргосун-т, 1989. — С. 41—43.
13. Чороев Т.К. Зарыктырган эмгек: (Осмоналы Сыдык уулунун эмгеги жөнүндө) // Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт / Түзгөн Кеңеш Жусупов. — Бишкек: Кыргызстан, 1991. — 1-китеп. — Б. 61—67.
14. Salk, Gundula. Die Sandschyra der Sarbagïš von Japar Kenčiev / überarbeitet und herausgegeben von Gundula Salk. – Berlin: Klaus Schwarz Verlag, 2014.
15. Salk, Gundula. Die Sanjira Des Togolok Moldo (1860–1942). Wiesbaden. Harrassowitz Verlag. 2009.